## Жумушту жана окууну бирге алып кетүүгө болобу?

Күндүзгү бөлүмдө окуган жашы 18 жаштан өйдө чет жердик студенттер, окуусунан бош убакыттарында жумуш иштей алышат. Жумуш берүүчү менен келишим түзүү үчүн, ал Санкт-Петербургда окугандыгын тастыктоочу мамлекеттик аккредитациясы бар жогорку окуу жайынан же колледжден тастыктаманы көрсөтүү гана талап кылынат.

## Санкт-Петербургда эмгек укуктарын коргоо үчүн каякка кайрылуу зарыл?

Эмгек мигранттары үчүн түз байланышуу түйүндөрү:
Комитета по межнациональным отношениям
и реализации миграционной политики:

8 812 241 46 77

Государственная инспекция труда:

git78.rostrud.ru · 8 800 600 00 00 · 8 812 408 90 15

Уполномоченный по правам человека:

8 812 241 46 77 · ombudsmanspb.ru

Прокуратура:

8 812 318 26 11 · 8 812 315 48 53 · epp.genproc.gov.ru

Главное Следственное Управление Следственного комитета РФ:

8 812 571 00 40 · 8 812 570 66 71 · spb.sledcom.ru

## Коомдук уюмдар:

БФ «ПСП-фонд» (акысыз укуктук жардам)

8 953 141 31 09 · 8 812 337 57 85 · vk.com/pspfond

## Пайдалуу маалыматтык ресурстар:

**migrantinfo.kmormp.gov.spb.ru**

Мигранттар үчүн интернет ресурстар Комитета по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге

**migrussia.ru**

Укуктук суроолор жана адаптацияланууу боюнча кеңештер, пайдалуу байланышуу түйүндөрү жана маалыматтык материалдар бир нече тилде

**trudvsem.ru**

Вакансиялардын базасы Минтруда РФ «Работа в России»:

**онлайнинспекция.рф** · **rostrud.ru**

Электрондук сервистер Федеральной службы по труду и занятости:

**sudrf.ru**

ГАС РФ «Правосудие» — Россиянын сотторунун байланышуу түйүндөрү

жумушка орноштуруу жөнүндө кененирээк:

жумуш берүүчү менен келишимдерди түзүү жөнүндө кененирээк:

эмгек укуктарын коргоо жөнүндө кененирээк:

Разработка текста: **БФ «ПСП-фонд»**
Автор-составитель: **Якимов А. Н.**
Редактор: **Панич Б. Л.**
Дизайнер: **Костенко А. А.**
Тираж: **500 экз.**

Буклет «Трудоустройство и защита трудовых прав» (на киргизском языке)

Изготовлено на средства субсидии Комитета по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге

Комитет по межнациональным отношениям и реализации миграционной политики в Санкт-Петербурге

БФ «ПСП-ФОНД»

# Санкт-Петербургга кош келиңиздер!



Эмгек мигрантына жардам

# Жумушка орношуу жана эмгек укуктарын коргоо

2022

## Жумушту кантип туура издөө керек?

Жумушту расмий сайттардан издеңиздер:

*Общероссийская база вакансий «Работа в России»:* trudvsem.ru

*Службы занятости Санкт-Петербурга:* r21.spb.ru

*Центр трудовых ресурсов Санкт-Петербурга:* gauctr.ru

*Горячая линия СПб ГАУ Центр трудовых ресурсов* 8 800 333 70 97

*Россияда 1 жылдан ашык эмгек тажрыйбасы бар, россиянын жарандыгын жөнөкөйлөштүрүлгөн вариантта ала турган квалификациялуу 135 кесиптин тизмеси:* www.garant.ru

## Жумушчу эмнени билүүсү керек?

Ортомчуларга кайрылбаңыз: алар сиздерге жасалма документтерди берип коюусу мүмкүн же сиздердин эмгекти акысыз колдонушу мүмкүн.

Мыйзамсыз жалданма эмгекке (жумушчуларды башка уюмдарга эмгек мамилелерин жол-жоболобостон жиберүү) Россияда тыюу салынат!

*Мыйзамдуу жумушка орноштуруучу жеке агенттиктеринин тизмеси:* migrantinfo.kmormp.gov.spb.ru

сизге канча жана кайсы мөөнөттө төлөөсү керек экендигин так билиңиз: эмгек маянасынын өлчөмү жана төлөө шарттары эмгек келишиминде көрсөтүлүп турушу зарыл

Сиз акчаны өзүңүздүн банктык картаңыз аркылуу алсаңыз болот, же болбосо колуңузду коюп эсептөө баракчасы аркылуу алсаңыз болот.

Ар бир төлөм документ менен ырасталып туруусу керек.

колуңузду коюп жаткан ар бир нерсеге кылдат көңүл буруп окуңуз, сизге көчүрмөсүн берүүсүн талап кылыңыз: сиз эгерде келишимдин жана башка документтердин мазмуну менен макул болбосоңуз, аларга кол коюудан баш тартууга укуктуусуз.

өзүңүздүн документиңизди сактап коюу үчүн эч кимге бербеңиз: сиздин паспортуңузду, жумуш иштөө үчүн патентиңизди, сиздин эмгек келишимиңиздин жана башка документтериңиздин көчүрмөсүн сактап коём деп алып коюуга эч кимдин акысы жок.

Сиздин нары-бери жылып жүрүү эркиндигиңизди чектөөгө, телефонуңузду алып коюуга ж.б. эч кимдин укугу жок. Паспортун алып коюу жана эркиндигин чектөө — бул олуттуу кылмыш: мындай учурда полицияга кайрылуу зарыл!

Жардам алуу үчүн кайрылыңыз: полицияга, прокуратурага, Мамлекеттик эмгек инспекциясына, сотко, Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө, коомдук уюмдарга.

## Чет жердик жумушчунун кандай укуктары бар?

Эмгек укуктары Эмгек кодексинде жазылган (ТК РФ).

Толук жумуш күнү менен иштеген жумушчунун эмгек маянасынын өлчөмү, эмгекти төлөөнүн минималдуу өлчөмүнөн төмөн болушу мүмкүн эмес (МРОТ).

МРОТ Санкт-Петербургда – айына 23500 рубль.

Жумуш берүүчү эмгекти коргоону сактоосу керек — эгерде сиздин жумушта эмгектенүү шарттары өмүр жана ден соолук үчүн коркунучтуу болсо, жумушту дароо токтотуңуз жана Следственный комитет даттаныңыз.

жумуш күнүнүн узактыгы — 8 сааттан ашык эмес

иш жумас— 40 сааттан ашык эмес болушу зарыл

Мөөнөттөн ашыкча жумушту иштегендиги үчүн кошумча төлөмдөр дайындалат (ст.152, ст.153 и ст.154 ТК РФ ылайык).

Мыйзамсыз айып пулдар:

Эгерде жумушчу өзүнүн милдеттерин аткарбаса, анда жумуш берүүчү бекитилген тартипке ылайык жазуу формасында эскертүү, сөгүш бере алат же жумуштан бошотот, бирок сизге айып пул салууга укугу жок (ст. 192 ТК РФ).

Себептерин түшүндүрбөстөн жумуштан четтетүүгө тыюу салынган: жумуш берүүчү жумушчуга аны жумуштан бошотулгандыгы жөнүндө буйрукту берүүсү керек жана жумуштан бошотулгандыгы жөнүндө жазылган эмгек китепчесин кайтарып берүүсү зарыл (ст. 76 ТК РФ).

Кандай гана жумуш болбосун ал үчүн эмгек акы төлөнөт: жумуш берүүчү жумушчу менен келишим түзүлбөгөн учурда дагы жумуш убактысын же аткарылган жумуш үчүн төлөп берүүгө милдеттүү (ст. 67.1 ТК РФ).

## Эгерде эмгек маянасын төлөбөй жатса, эмне кылуу керек?

Эгерде эмгек маянасын 15 күндөн ашык төлөбөй жатса, анда сиздин төлөбөгөндүгүнө байланыштуу жумушту токтотуп коюуга укугуңуз бар (ч.2 ст.142 ТК РФ) — муну үчүн эмгек маянасын төлөбөгөндүгүнө байланыштуу жумуш берүүчүгө эркин формада жазуу жүзүндөгү арыз берүү зарыл.

Жумуш берүүчүгө жумушка тиешеси бар документтердин көчүрмөсүн берүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылыңыз (ст. 62 ТК РФ) — мисалы, келишимдин же эсептөө баракчасынын.

Эгерде сиз 3 жумушчу күндүн ичинде документтердин көчүрмөсүн албасаңыз — жумушчунун үстүнөн Государственную инспекцию труда арыз жазыңыз.

Жумуш берүүчүгө эмгек маянасы боюнча карызды төлөө жөнүндө доомат менен кайрылыңыз.

Дооматты кароо учурунда сизди жумуштан кетирүүгө укугу жок.

Арыз берүүдө, сиздин колуңузда арызды алгандыгы жөнүндө жумуш берүүчүнүн колу же мөөрү коюлган арыздын көчүрмөсү калуусу абдан маанилүү.

Эгерде жумуш берүүчү дооматка жооп бербей жатса, даттануу арызы менен прокуратурага же сотко кайрылуу зарыл. Жалгыз адамдын кайрылганына караганда, коллективдүү түрдө кайрылган көбүрөөк натыйжалуу болуп эсептелет.

Жумуш берүүчүнү карызды төлөп берүүгө милдеттендирүүгө болот — муну үчүн эмгек мамилелерин тастыктаган документтерди тиркеп Государственную инспекцию труда в Санкт-Петербурге (ст.360.1 ТК РФ) эмгек акысын төлөбөй жаткандыгы жөнүндө арыз берүү зарыл.

Жумушчу ал өзүнө карата укук бузуу орун алгандыгы жөнүндө билгенден күндөн баштап, 3 айдын аралыгында сотко кайрылууга укуктуу, ал эми жумуштан бошотуп салуу жөнүндө талаш-тартыштар боюнча — анын колуна жумуштан бошотулгандыгы жөнүндө буйруктун көчүрмөсүн (ст.392 ТК РФ) же эмгек китепчесин берген күндөн баштап, 1 айдын ичинде арыз менен кайрыла алат

эгерде карыз 50 миң рублдан аз болсо — тынчтык сотуна кайрылыңыз;

эгерде карыз көп болсо — жалпы юрисдикциядагы сотторго кайрылыңыз

Эгерде эмгек маянасын 2 же андан ашык ай төлөбөсө, анда Следственный отдел Главного следственного управления Следственного комитета РФ по Санкт-Петербургу кайрылыңыз.